
# Рики



Автор: Дейя Касымова

Сүрөтчү: Элнур Исаков

Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

# Рики

Автор: Дейя Касымова
Сүрөтчү: Элнур Исаков
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Рики" (кыргыз тилинде), автору Дейя Касымова, сүрөтчү Элнур Исаков, Сулайман Рысбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Рики*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Биздин көркөм студиябызда көп балдар бар, демек ал жерде сүрөттөр да көп. Бир күнү класс жетекчибиз Асия эже жарыя айтты:

– Бүгүн биз эркин темада сүрөт тартабыз.

Сүрөт тартууга кириштик. Мен самолёттогу учкучту тарттым. Лина көк деңизде сүзүп бараткан парустуу кайыкты тартты. Артём жомоктогу чеп, Канат көк машина, Саня болсо тотукуш тартты. Сания экөөбүз жакын отуруп мольбертте иштедик.

– Бул сүйлөй алган баягы Рики деген тотукушпу? – деп сурадым.

– Ооба, – деп жооп берди Саня.



Баары Санянын тарткан сүрөтүн карап коюп, кайра өз орундарына кетишти.

– Чын эле сүйлөйт бекен? – деди Лина ишенбегендей.

– Ооба, сүйлөйт, – деди Сания.

– Мындай тотукуш кайда сатылат экен?

– Балким, зоодүкөндө... Рики өзү биздин үйдүн балконуна учуп келген. Ошондо бир гана: “Салам!” деген сөздү сүйлөй алчу. Азыр болсо, ондон ашык сөз билет.

– Ал көптөн бери силердеби? – деп сурады Артём.



– Өткөн жылы күзүндө апам балконго чыгып, шейшеп жайып жаткан. Бир маалда, аны менен бирөө саламдашып жатканын угат.

– Сссалам!

Ким учурашып жатат деп ары-бери карайт, бирок таппайт. Жөн эле бир нерсе угулган го деп ойлойт. Кайрадандагы бирөөнүн сүйлөгөнү угулат.

– Сссалам!

Апам мени ойноп жатат деп ойлоптур, анан мени чакырды.

– Сания, сен мени тамашалап жатасыңбы? – деп айтып жатса, дагы баягы үн кайра угулат:

– Сссалам!



Үн балкондун оң тарабынан угулуп жатканын баамдадык.

Эски телевизордун кутусунун артынан тотукушту көрүп калдым. Биз ошол замат ким биз менен ойноп жатканын түшүндүк. Күн суук болгондуктан, аны багып алдык.



– Анын сүйлөй турганын далилдей аласыңбы? – деп сынай карады Канат.

– Эртең түштөн кийин студияга келгиле, мен тотукуш менен силерди тааныштырам, – деди Сания бир аз ойлонуп, көз айнегин оңдоп кийип.

Сания калың линзалуу көз айнек тагынчу. Көрүүсү начар болгондуктан, ал дайыма бирде карандашын, өчүргүчүн, жекалем учтагычын полго түшүрүп, бирде стакандагы суусун төгүп алчу. Кыз бир аз эби жогурааак болсо да, көңүлү ачык, шайыр жүрчү.



Мен Сания менен дос болгум келди. Бир жолу карандашымды унутуп келсем, ал өзүнүкүн берди. Бир күнү мен көйнөгүмдүн жеңин жашыл боёк менен булгап алып, көңүлүм чөгүп отуруп калдым. Ошондо ал рюкзагынан нымдуу салфеткасын алыпмага берди.


– Актан, капа болбо, үйдөн жуудуруп аласың, азырынча, салфетка менен сүртүп ал, – деди ал.



Биз күн сайын студиядан үйгө бирге кайтчу болдук. Жолдо анекдотторду жана мектепте болгон ар түркүн кызыктуу окуялардан айтышабыз. Сания өзүнүн сүйлөгөн тотукушу тууралуу айтканды жактырчу.



Кийинки күнү мен студияга келдим. Класста биринчи партада тотукуш салынган капас турган экен. Балдар тотукуш менен сүйлөшүүгө аракет жасап жатышты. Асия эже дагы балдар менен бирге, тотукушту кызыгып карап турду. Мен дагы балдардын арасына кыпчылып жатып, Рикини жакшылап көрүүгө аракеттендим.




Бул жашыл түстүү, маңдай жагы сары, арт жагы, жону жана канаттары кара, тармал сындуу тотукуш болчу. Узун куйругу чымкый көк, көздөрү көк топчудай экен.

– Салам, Рики! – дедим мен.

– Сссалам! Ссссалам! – деп сүйлөдү Рики. Ал капастын ичинде башын бирде оңго, бирде солго буруп чыбыкта отурду.

– Кандайсың, Рики? – деди балдардын бирөөсү:

– Жакккшшшы! Жакккшшшы! – деп жооп кайтарды тотукуш. Баарыбыз күлүп калдык.



Тотукуш капастын капталдарына кызгылтым буту менен жармашып, ары-бери тынбай кыймылдап жүрдү.

Лина капастыначык жеринен тотукушка конфета сунду. Ал аны сары кызыл тумшугу менен чокуп, жей баштады. Артём чипсы сунду, ошондо Рики турган жеринен башка жакка секирип, кыйкырып жиберди:

– Ззыяннндуу! Ззыяннндуу!

Балдар таң калганынан ооздорун ачып калышты.

– Зыяндуу нерсе экенин канаттуулар да билет турбайбы! – деди үнүн бийик чыгарып Канат.

– Сания, тотукушуң эмнени жакшы көрөт? – деп сурадым мен.

– Рики, сен эмнени жакшы көрөсүң? – деп Сания тотукуштан сурады.

– Жжеммишшш! – Жжеммишшш! – деди тотукуш.

Кайрадан баарыбыз күлүп калдык.



Мен эртең менен апам рюкзагыма банан салып жатканын эстедим. Банандыалып чыгып, жарымын сындырып, тотукуштун идишине салдым. Рики конгон чыбыгынан секирип түшүп, чокуп жей баштады. Биз көңүл коюп карап турдук. Банандын кесиндисин жеп бүтүп, дагы жейм дегенсип капастын ичинен издей баштады.

Таппаган сон, кайрадан кыйкырды:

– Жжеммишшш! – Жжеммишшш!

Биз кайрадан күлүп калдык. Мен банандан дагы үзүп бердим. Беш мүнөттөн соң, аны да калтырбай жепсалды. Ыраазы болуп, тотукуш кайрадан чырпыгына конуп калды. Бирок мен Рики тойбой калды го деп, банандын калганын идишине салып койдум.,

– Ррики сугалак эмесс! Ррики сугалак эмесс...! – деп Рики үнүн бийик чыгара кыйкырды.



Биз тотукуштун окуяларын көпкө чейин айтып жүрдүк. Ал тургай, анын сүрөтүн тарттык. Сания болсо, бизге тотукушт үйрөтүүнүн сырлары менен бөлүшүп жүрдү.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Дейя Касымова
Сүрөтчү: Элнур Исаков
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- **3.1 деңгээли**
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли